депутаттын
китепканачасы

Ө. Баймурзаев

# АЙЫЛДЫК СОВЕТТИН ДЕПУТАТТАРЫ

депутаттын
китепканачасы

Ө. Баймурзаев

# АЙЫЛДЫК СОВЕТТИН ДЕПУТАТТАРЫ

Фрунзе
«Кыргызстан»
1982

67. 99(2) 061. 2.
Б 19

**Баймурзаев Ө.**

**Б 19** Айылдык Советтин депутаттары.— Ф.: Кыргызстан, 1982—24 бет.— (Депутаттын китепканачасы).

Дың жерлерди өздөштүрүүдө пайда болгон Үч-Коргон айылы азыр Кыргызстандагы үлгүлүү кыштактардын бири. Ал Бүткүл союздук конкурста—биринчи, республикалык мелдештерде алдыңкы орундарды ээлеген. Китепченин автору — айылдык Советтин аткаруу комитетинин председатели мындай ийгиликтерге жетүүдө эл депутаттарынын ролу, чарбанын экономикалык базасын чыңдоодо, айыл эмгекчилеринин турмуш тиричилик, маданий деңгээлдерин жогорулатууда, КПССтин XXVI съездинин чечимдерин аткарууда алардын иш тажрыйбалары тууралу баяндайт.

Китепче эл депутаттарына жана окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

Б $\frac{11002—000}{М\ 451\ /17/—82}$ 40—82.1203020000 34С1
ББҚ 67. 99(2)061. 2

© «Қыргызстан» басмасы 1982-ж.

Нарын дарыясынын төмөнкү агымы белгилүү Кызыл-Жар өрөөнүн как жарып өтөт. Үч-Коргон ГЭСинин курулушу жана ишке киргизилиши менен бул өрөөн «ак алтындуу» аймакка айланган.

Ош областынын Ленин районунда жайгашкан Үч-Коргон айылдык Совети чыгышынан Үч-Коргон ГЭСи, түндүгүнөн Жаңы-Жол району менен, батышынан жана түштүгүнөн боордош Өзбекстандын Наманган областынын Үч-Коргон району менен чектешет. Айылдык Совет пахтачылыкка адистешкен «Кызыл-Жар» совхозунун калкын тейлейт. Чарбада төрт түлүк мал — кой, мүйүздүү ири мал менен жылкы багылат. Чарба көп тармактуу болгондуктан, аны уюштуруу да көп кырдуу иш-аракетти талап кылат. Бул иш-аракеттер КПСС-тин XXVI съезди алдыга койгон калктын турмуш деңгээлин, жашоо шартын бардык жактан жакшыртуу милдеттерин жүзөгө ашырууга багытталган. Өтө керектүү, күндөлүк зарылчылыгы жогору болгон бул зор милдеттерди чечүүдө айылдык Совет, анын эл депутаттары уюшкандыкты, максаттуулукту жана жоопкер-

чиликти жогорулатуу менен, ишти бардык жактан ургаалдуу алып барууда.

Дыйканчылыктын жана коомдук мал чарбасынын маданиятын ар тараптуу жогорулатуу менен түшүмдүүлүктү арттырып, малдын башын өстүрүүдө, продукттуулугун жогорулатууда айылдык Советтин эл депутаттары жалаң гана иштин уюштуруучулары болбостон, өндүрүштө өрнөк көрсөтүп келе жатышат. Алар депутат — элдин кызматкери наамына татыктуу болуу менен, мелдеште алдыда жүрүшөт.

КПССтин XXVI съездинде жергиликтүү Советтерге, алардын ишине жеткиликтүү баа берилген: «Жергиликтүү Советтердин ишинде көп кызыктуу, жаңы нерселер пайда болду. Жергиликтүү чарба, калкты тейлөө маселелерине көңүл бөлүүнү төмөндөтсөстөн, алар экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн комплекстүү мүнөзүн камсыз кылууга барган сайын көп салым кошууда. Советтер өздөрүнүн территориясында жайгашкан ишканалар менен уюмдардын ишин улам активдүү координациялап жана контролдоп жатат. Бул, жолдоштор, абдан маанилүү. Ошондуктан КПСС Борбордук Комитети жергиликтүү Советтердин ишиндеги так ушундай багытты бардык жактан колдойт»[1]. Бул белгиленгендер Үч-Коргон айылдык Совети, анын эл депутаттары тарабынан кандайча жүзөгө ашырылып жатканы тууралуу жана жалпы эле партия менен өкмөт алдыга койгон милдеттерди орундатууда алардын иш-аракеттери, ийгиликтери жөнүндө төмөндө кеңири сөз болот.

---

[1] КПССтин XXVI съездинин материалдары, Фрунзе, 1981. 74-бет.

Советтердеги башкы фигуралар — бул эл тарабынан шайланган өкүлдөр — депутаттар. Алар өз шайлоочуларынын алдында милдеттүү жана алардын талаптарын, наказдарын аткарышат. Так ушунун өзү социалисттик демократиянын артыкчылыгынын дагы бир далили. Советтер — элдик бийлик, калктын талабын жана сунушун ишке ашыруучу коллективдүү орган. Депутаттар Советтерге жана анын аткаруу комитеттерине тиешелүү бардык маселелер менен калк тарабынан белгиленген милдеттерди ишке ашырышат.

КПССтин документтеринде белгиленгендей, бийликтин бул төмөнкү баскычынын мааниси коммунизмди куруу мезгилинде улам жогорулап бара жатат. Советтердин иштерин мындан ары карай өркүндөтүүнүн эң маанилүү шарттарынын бири чарбалык жана маданий курулуштун милдеттерин чечүүдө алардын ролунун жогорулашы, депутаттардын чыгармачылык активдүүлүгүнүн өсүшү, алардын эл массасы менен байланышынын бекемделиши болуп эсептелет. Буга Үч-Коргон айылдык Советинин, анын депутаттарынын жүргүзгөн көп кырдуу иштери толук далил. Мында ар бир депутат мамлекеттик бийликтин бардык иштерине активдүү катышат, чарбалык жана социалдык, маданий курулуштун маселелерин чечүүдө алдыңкы катарда болуп, Советтин кабыл алган чечимдерин турмушка ашырууну жан дили менен уюштурат. Тийиштүү коомдук уюмдардан ошол чечимдердин өз учурунда толук деңгээлде аткарылышын талап кылуу менен, ага жетишет.

Айылдык Советтин аткаруу комитети «Эл депутаттарынын райондук, айылдык, посёлок-

тук Советтери жөнүндөгү» Кыргыз ССРинин Законун дайыма жетекчиликке алуу менен иш жүргүзөт. Өткөн шайлоодо айылдык Советке 17 улуттун өкүлдөрүнөн 75 депутат шайланган. Алардын көпчүлүгү КПССтин мүчөсү, орто жана атайын орто, жогорку билимдүү. Депутаттардын теңинен көбү түздөн-түз өндүрүштө иштешет. Булар менен бирге Кыргыз ССР Жогорку Советине —1, Ош областтык Советине — 1, Ленин райондук Советине —10 депутат шайланган. Эл депутаттарынын ушул өкүлдөрү айылдык Советтин күндөлүк иштерине активдүү катышып турушат. Ал калктын калың катмары менен күндөлүк байланышын бекемдеп жана бардык жактан кеңейтип, аймактагы эмгекчилердин маданий, тиричилик жана турмуштук талаптарын үйрөнүүгө көмөктөшөт, аларды өз учурунда канааттандыруу чараларын көрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзөт.

Айылдык Совет, анын аткаруу комитети, туруктуу комиссиялары жана депутаттары, ыктыярдуу коомдук уюмдар менен бирге пландуу, системалуу иш жүргүзөт. Натыйжада Советтин уюштуруу-массалык иштеринин мазмуну тереңдеп, мааниси жогорулап, кадыр-баркы да барган сайын артууда.

Айылдык Советтин жана анын аткаруу комитетинин түздөн-түз таянычы болгон депутаттын жекече иш жүргүзүүсүнө, эмгекчилер менен тыгыз байланышына өзгөчө маани беребиз. Депутаттык топтордун иштерин уюштуруу жагы да чечүүчү роль ойнойт. Бизде дайыма иштөөчү депутаттык 3 топ уюштурулган. «Кызыл-Жар» совхозунда сезондуу иштер көбөйгөндө мындай топтордун катары жана алардагы депутаттардын саны да көбөйтүлөт.

Биз муну сезондук иштердин мүнөзүнө жараша уюштурабыз. Алардын бири «Кызыл-Жар» совхозунун биринчи бөлүмүндө түзүлүп, ага 11 депутат тартылган. Бөлүмдүн башчысы, агроном Базарбай Ташбаев жетекчилик кылган бул топтун мүчөлөрүнө бөлүмдөгү өндүрүштү уюштуруу боюнча айкын-ачык милдеттер тапшырылган. Маселен, чарбада көп жыл иштеп, өзүнүн эпкиндүү эмгеги менен таанылган, чейрек кылымга жакын убактан бери пахта өндүрүшүн башкарган, айыл чарбасында бай тажрыйбага ээ, пахта өстүрүүнүн устаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры, айылдык Советтин депутаты Жоро Шералиев бир нече жылдан бери ушул биринчи топко мүчө. Ага пахтачылыкты өркүндөтүү боюнча алдыңкы тажрыйбалар менен өндүрүштүк ыкмаларды кеңири жайылтуу милдети жүктөлгөн. Элдик депутат жана мыкты өндүрүшчү бул жумушту билгичтик менен уюштуруп келе жатат.

Жоро Шералиев Кызыл-Жар өрөөнүнө алгачкылардан болуп көчүп келип, дың жерлерди өздөштүрүүгө белсене киришкен, чигит эгип, дыңга биринчи кетмен чапкан. Анын ысмы бүтүндөй Ош областы гана эмес, күнөстүү Кыргызстанга ветеран жумушчу катары белгилүү. Аны жердештери мол түшүм өстүрүүнүн даанышманы, пахталуу талаалардын «академиги» деп баалашат. Өзү бригадир болуп иштеген чейрек кылымга жакын убакытта Ж. Шералиев дыйканчылыктын маданиятын жогорулатып, түшүмдүүлүктү арттырды. Ал башкарган бригада ар гектарынан 45 центнерге чейин «ак алтын» түшүмүн жыйнады. Ж. Шералиевдин дың жерлерди өздөштүрүүдөгү кужурмөн аракети, жаңы жерлерге пах-

тачылыкты өркүндөтүүдөгү сиңирген эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланды. Ага эң жогорку наам Ленин ордени жана Социалисттик Эмгектин Баатырлыгы ыйгарылды. Эки жолу удаа Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат да болуп шайланган. Кийинки жыйырма жылдан ашык убакыттан бери Үч-Коргон айылдык Советинин депутаты. Топтун пахта түшүмүн арттыруу боюнча ишине активдүү катышат.

Дың жерде дыйканчылыкты өнүктүрүүдө эмгеги менен таанылгандардын бири Токтогул Токтоматов. Ал жаш кезинде Кызыл-Жар өрөөнүнө механизатор болуп келип, кубаттуу агрегаттарды башкарып, дыңдын кыртыштарын жиреп, кылымдар бою түшүм сырын койнуна каткан жерлерди каңтарды. Аларга чигит эгип, гозо өсүмдүктөрүнүн катар аралыгын культивациялап, болочок мол түшүмгө бекем негиз түздү. Т. Токтоматов өзүнүн уюштуруучулук талантын да көрсөттү. Бир нече жылдар бою совхоздун бөлүмүн башкарды. Азыр бул чарбанын башкы агроному. Ал таланттуу уюштуруучу гана эмес, дыйкандардын сүйгөн кеңешчиси да. Үч-Коргон айылдык Советине жыйырма жылга жакын убакыттан бери депутат. Т. Токтоматов 2-бөлүмдөгү депутаттык топтун мүчөсү. Айыл чарба техникаларын өндүрүмдүү пайдалануу иштерин көзөмөлдөйт. Ал азыр Өзбекстандын Андижан шаарындагы мамлекеттик пахтачылык институтунда сырттан окуйт. Т. Токтоматов Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган.

Дың жерлерди өздөштүрүүнүн белгилүү ветерандарынын катарына алгач бригадир,

кийин пахтачылык бөлүмдөрдү ишенимдүүлүк менен башкарып келе жатышкан коммунисттер Ш. Назаралиев, И. Токонов, Б. Ташбаев, бригадирлер Т. Алымов, С. Добулбеков, Т. Казаков, Т. Асбердиев, А. Ботобеков жана башка жолдошторду кошууга болот. Булар айылдык Советке бир нече жолу депутат болуп шайланышкан, пахтачылык өндүрүшүнүн алдыңкылары. Совхоздун экономикасын көтөрүүдө эмгек сиңиргендер.

Совхоз — пахтачылыкка биротоло адистешкен өнүккөн чарба. Азыр анда дыйканчылык боюнча гана 3 бөлүм жана 32 бригада иштейт. Алардын башында орто жана жогорку билимдүү, дыйканчылыкка машыккан, пахта өстүрүүнүн устаттары болуп калышкан адистер турушат. Көбү айылдык Советтин депутаттары. Өздөштүрүлгөн дың жерлерди жашартып, байлыктын булагын ийитип, «ак алтын» өстүрүүнү жылдан-жылга өркүндөткөндөр — мына ошолор. Жер — байлыктын булагы, элдик кенч экенин алар ак ниет эмгектери менен иш жүзүндө далилдешүүдө.

Айылдык Совет, анын аткаруу комитети депутаттардын күндөлүк жардамына таянып, өндүрүштүн бардык тармактарында авангард болуу менен, белгиленген мамлекеттик тапшырмаларды ашыра аткарууда өрнөк көрсөтүүдө. Элдик депутаттар КПССтин XXVI съездинин чечимдерин жетекчиликке алып, он биринчи беш жылдыктын тапшырмаларын ийгиликтүү орундатууда өндүрүштү уюштуруучу да, эмгекчилерди эпкиндүү эмгектенүүгө багыттоочу да болушууда.

Айылдык Советтин бизде уюшулган депутаттык топтору элдик бийликтин өкүлдөрү

катары эмгекчилер арасында иш жүргүзүшөт. Эл депутаттарынын айылдык, райондук жана областтык Советтеринин сессиялары жана алардын аткаруу комитеттери кабыл алган чечимдерди турмушка ашырып, өздөрү эмгектенген коллективде мамлекеттик план менен кабыл алынган социалисттик милдеттенмелердин аткарылышына контролдук кылышат. Ушундай жооптуу иштерде алар: «Мамлекеттик планды орундатуу — закон, милдеттенмени аткаруу — ар-намыстын иши!» деген урааңдын астында иш жүргүзүшүүдө.

Депутаттык топтор алдын-ала түзүлгөн пландардын негизинде топтолушуп, актуалдуу маселелерди талкуулашат. Бөлүмдөрдөгү жана бригадалардагы маанилүү маселелерди, орун алган кемчиликтерди талкуулашат. Зарыл учурда эл депутаттарынын айылдык Советинин аткаруу комитетине талкууга коюшат. Мында депутаттык топтор жазгы талаа жумуштарына даярдыктын абалы, сугат иштеринин уюштурулушу, пахтачылыкта кабыл алынган милдеттерди аткаруунун жүрүшү, мал чарбасында социалисттик мелдештердин жолго коюлушу, саан гурттарда рациондун пайдаланылышы, сүт өндүрүүнүн жүрүшү, калкты турмуш тиричилик жактан тейлөөнү жакшыртуу маселелерине көңүл бөлүшөт. Ушундай депутаттык топторго айылдык Советтин депутаттарынын теңине жакыны тартылган. Алар бөлүмдөрдөгү жалпы өндүрүштүк жумуштарды камтуу менен бирге, айылдык Советке караштуу Кызыл-Жар, Ак-Сай, Жыл-Кол, Кум-Бел кыштактарын да кошо тейлешет. Бул кыштактардагы калкты маданий-агартуу жана

турмуш тиричилик жагынан тейлөөнү бардык жактан жакшыртууну уюштурушат.

Айылдык Советтин аткаруу комитети учур-учуру менен өзүнүн мүчөлөрүн жиберүү аркылуу топтордун ишин контролдукка алат. Бул иштин бардык жактан жандануусуна, өндүрүштө жоопкерчиликтин жогорулашына алып келүүдө.

Айылдык Советтеги партиялык топ жөнүндө да айта кетүү зарыл. Эл депутаттарынын Советтеринин ишинде ал маанилүү роль ойнойт. Үч-Коргон айылдык Советинде мындай топ 20дан ашык депутат коммунистти бириктирет. Ага «Кызыл-Жар» совхозунун парткомунун секретары Болотбек Молдошев жетекчилик кылат. Партиялык топ партиянын күндөлүк ички, тышкы саясатын кыйшаюусуз ишке ашырууга жергиликтүү Советтин депутаттарынын иштерин багыттоого, партиялык жана мамлекеттик тартиптердин чыңдалышына, жогорку органдардын токтомдорунун жана чечимдеринин аткарылышына көмөктөшөт жана Советтин, анын аткаруу комитетинин иштерин координациялайт. Эл депутаттары өз милдеттерин канчалык деңгээлде аткарып жаткандыгын контролдоп турат. Сессиялардын аралыгында аткаруу комитет менен бирдикте саясий жана чарбалык маанилүү иштерди аткарып, партиялык, советтик жогорку органдардын чечимдеринин орундалышын жетекчиликке алат. Партиялык топ кезектеги сессиялардын алдында чогулуп, тийиштүү маселелерди карайт.

Депутат болуу — бул жогорку сыймык жана элдик ишеним, зор жоопкердүүлүк. Шайлоочулардын ишенимин актоо — жерги-

ликтүү Советтин депутаттарынын милдети. Ошондон улам депутат — бул элдин кызматкери деп айтышат.

Депутаттар айылдык Советтин, анын аткаруу комитетинин жана туруктуу комиссияларынын, башка коомдук уюмдардын иштерине да активдүү катышат. Советтин тапшырмаларын өз убагында орундатышат.

Депутаттар өз шайлоочулары менен өз учурунда кезигип турушат. Мындай жолугушуулар ар түрдүү формада өтөт. Тийиштүү шайлоо округунан өкүлдөрдү топтоо, тиги же бул мекемелердеги шайлоочуну жеке кабыл алуу жана аңгемелешүү иретинде да болот. Бул алардын өтүнүчүн жана арыздарын, каттары менен кайрылууларын карап чыгуу аркылуу да ишке ашат. Шайлоочунун өтүнүчүн толук канааттандырууга жетишүү депутаттын кадырбаркын көтөрөт. Биздин айылдык Советтин депутаттарына калк маданий, турмуш тиричилик жактан тейлөө, турак жай ж. б. маселелер боюнча өтүнүчтөр менен көп кайрылат. Аларды депутаттар айылдык Совет, анын аткаруу комитети, совхоздун жетекчилери менен бирдикте чечүүгө жетишип келе жатышат.

Эл депутаты берилген наказды учурунда, жеткиликтүү деңгээлде жүзөгө ашырганда гана анын эмгекчилер менен байланышы бекем болмокчу. Демек, шайлоочулардын наказдарын аткаруунун мааниси зор. 1980-жылы шайлоодо айылдык Советтин депутаттарына берилген наказдар 75ке жеткен эле. Шайлоодон шайлоого чейинки мезгилде алардын 67си аткарылды. Мисалы, «Кызыл-Жар» совхозунун башкы инженери депутат Г. Г. Германга шайлоочулар кыштактагы жаңы көчөгө шагыл

төктүрүүнү өтүнүшкөн. Бул олуттуу жумуш ошол эле жылы аткарылды. Шайлоочулар депутат Асиля Үсеновадан бөбөктөргө ясли ачтырууну, депутат Г. И. Москвинден жаңы көчөнүн боюна бак-дарак олтургузууну уюштурууну, совхоздун жумушчусу, депутат Зоя Валитовадан борбордук балдар бакчасынын ишин жакшыртууну суранышкан. Эмгекчилердин ушул ж. б. наказдары өз учурунда ишке ашырылды.

Наказдардын аткарылышына айылдык Советтин аткаруу комитети айрыкча көңүл бурат. Өтүнүчтөрдү өз убагында жана толук канааттандырууну депутаттардан талап кылып, биз депутаттардын шайлоочулар менен жолугушууларын уюштурабыз. Анда депутаттар өз шайлоочуларына коюлган наказдардын, өтүнүчтөрдүн кандайча ишке ашырылып жатканы тууралу билдирип турушат. Бул билдирүүлөр жана сунуштар боюнча тийиштүү наказдардын аткарылышына түздөн-түз жардам көрсөтүү үчүн айылдык Совет совхоздун жетекчилерине, зарыл учурда райондук жана областтык органдарга кайрылып турат.

Өндүрүштүн кайсы тармагында эмгектенбесин, башкаларга өрнөк көрсөтүп, эмгекчилер арасында айырмалануу депутат үчүн парз. Үч-Коргон айылдык Советинин депутаттары бул парзды түшүнүү менен эмгек алдыңкылары катары таанылууда. Мисалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, жаштар коллективинин бригадири Исраил Абидов дайыма өндүрүштө үлгү болуп келе жатат. Ал башкарган пахтачылык бригадасында негизинен комсомолец жаштар эмгектенишет. Өз кесиби

механизатор. Совхоздун жетекчилери анын жөндөмдүүлүгүн байкап, бригадирликке көтөрүштү. Совхоздогу пахтачылык өндүрүшүнүн жооптуу участогунда ал өзүнүн уюштуруучулук таланты менен тез эле таанылды. Ал башкарган бригада пахтанын түшүмдүүлүгүн кескин жогорулатууга жетишти. Өткөн онунчу беш жылдыкта пахта сырьёсун өндүрүү боюнча милдеттенмелерди бригаданын пахтачылары төрт эле жылда аткарышты. И. Абидов Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланды.

Анын жолун жолдогон айылдык Советтин депутаттары көп. Алардын катарына 2-3 жолу удаа депутат болуп шайланышкан бригадирлер Бурма Үсөналиеваны, Тобокел Казаковду, Алимжан Бөрүбаевди, Турдубек Асбердиевди кошууга болот. Совхоздун мамлекетке пахта тапшыруудан жыл сайын бир жарым миллион сомдон кем эмес таза пайда (прибыль) алуусуна алардын кошкон салымдары чоң экенин белгилей кетүү керек.

КПССтин XXV съездинин чечимдерин турмушка ашыруу үчүн Бүткүл союздук мелдешке кошулуп, беш жылдык тапшырмасын төрт жылда аткарган депутат, улуу чабан Керимбек Жоробеков тууралу да айта кетүү парз. Ал 1981-жылы оторундагы тубар койлордун ар жүзүнөн 161ден козу, ар бир баш соолуктан 4,7 килограммдан жүн кыркып алып, кабыл алган милдеттенмесин бир жарым эсеге жеткире аткарды.

К. Жоробеков кийинки шайлоолордо эл депутаттарынын райондук жана айылдык Советтерине депутат болуп шайланды. Он биринчи беш жылдыктын биринчи жылындагы

эмгектик жеңиштери үчүн партиянын Ош обкому уюштурган чабандардын мелдешинде ал «Алга» совхозунун улук чабаны Социалисттик Эмгектин Баатыры Шарап Санжаровдун ысмындагы байгени жеңип алды. Партиянын райкомунун бюросу райондук чабандар арасындагы мелдеште жеңгендерге ыйгаруу үчүн анын атындагы байгени да уюштурган. Албетте, бул сыймыктана турган жеңиш.

Жогоруда биз аттарын атаган жергиликтүү Советтин депутаттары мамлекеттик сыйлыктардын ээлери. Алардын көбү СССРдин орден, медалдары менен сыйлангандар. Жоро Шералиев эки Ленин, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендерине жана бир нече медалдарга татыктуу болгон. Көп ордендүү депутаттардын катарына бригадир Исраил Абидов, чабан Керимбек Жоробеков, башкы агроном Токтогул Токтоматов, совхоздун директору Николай Иосифович Мешков жана башкалар кирет. Алар менен Үч-Коргон кыштагынын бүт эмгекчилери сыймыктанышат жана аларды кадырлашат.

Айылдык Совет өзүнүн иш-аракетинде туруктуу комиссияларга таянат. Туруктуу комиссиялар негизинен айылдык Советтин, анын аткаруу комитетинин өндүрүштүк жана жетекчилик иштерине катышат. Жалпы жоболор менен башкы талаптардын негизинде биздин айылдык Советте туруктуу 8 комиссия түзүлгөн. Айылдык Совет жана анын аткаруу комитети жетекчиликке алуучу чарбалык жана маданий жумуштардын мүнөзүнө ылайык айыл чарбасы, капиталдык курулуш, социалдык закондуулук, маданий агартуу, пландоо жана социалдык камсыздоо, соода жана тур-

муш тиричилик жактан тейлөө, жаштар арасында иштөө боюнча туруктуу комиссиялар бар. Булардын ар бирине кесибине жана өндүрүшүнө ылайык 5—8ден депутат тартылган.

Туруктуу комиссиялар Советте жана анын аткаруу комитетинде талкуулануучу маселелерди даярдоого, кабыл алынган чечимдердин аткарылышын контролдоо менен, аны ишке ашырууга түздөн-түз катышат. Сезондук иштер (мал кыштатуу, жазгы талаа жумуштары, чигит эгүү, пахта өсүмдүгүн өстүрүү, түшүм жыйноо, тоют даярдоо) башталган учурларда туруктуу комиссиялар, андагы депутаттар активдүү иштешет. Текшерүүлөрдү уюштуруп, орун алган кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүшөт. Кароолордун жыйынтыктары, көрүлгөн чаралар жөнүндө Советке жана анын аткаруу комитетине билдирүү менен, өзүнүн заседаниелеринде талкуулашат. Маселен, айыл чарбасы боюнча туруктуу комиссия чогулушунда «1982-жылдын жазгы талаа жумуштарына мыкты камылга көрүү жөнүндө» маселени караган. Бул боюнча совхоздун бөлүмдөрүндө жана борбордук трактордук паркта кароолорду уюштурган. Натыйжада айыл чарбасында жаз камылгасы бардык жактан тездетилген.

Ал эми социалисттик законду улукту, коомдук тартипти сактоо боюнча комиссия эмгекчилерден түшкөн каттар менен даттануулардын негизинде учур талап кылган маанилүү маселени көтөрдү. Алар Үч-Коргон айылдык Советинин аймагында ичимдик ичип, тартип бузуучулар көбөйгөндүгүн текшерүүлөрдө аныкташкан. Топтолгон материалдарды айылдык Советтин аткаруу комитетинин заседание-

синде талкуулоо сунуш кылынган. Заседаниеге совхоздун бригадирлери, бөлүм башчылары, башка жетекчилери, соода тармагынын, азык-түлүк дүкөндөрүнүн сатуучулары, тийиштүү закон органдарынын өкүлдөрү катышты. Маселе курч мүнөздө талкууланып, олуттуу мазмундагы чечим кабыл алынды.

Ал маселе башка коллективдерде да талкууланды. Ичимдикке берилгендер, тартип бузуучулар менен жекече тарбиялык иштер активдүү түрдө жүргүзүлдү. Андан бери эки жылга жакын убакыт өттү. Ичимдикке берилип, эмгек тартибин бузгандардын саны кыштакта дээрлик кыскарды. Бул жагынан уюштурулган олуттуу иштер азыр да улантылууда.

Айылдык Советтин депутаты Базарбай Ташбаев председателдик кылган капиталдык курулуш жана көрктөндүрүү боюнча туруктуу комиссия да демилгелүү иштейт. Анын иштиктүү аракетинин натыйжасында кыштагыбыз жыл өткөн сайын өсүп-өнүгүп, бак-даракка оролуп, көркүнө чыгууда.

Азыр Үч-Коргон курулушу, кооздугу жагынан область менен республика гана эмес, бүтүндөй союзга таанылган ири кыштак. 1975-жылы СССРдин айыл чарба, курулуш министерстволору жана СССРдин эл чарба жетишкендиктеринин Бүткүл союздук көргөзмөсү тарабынан бүтүндөй өлкөдө айыл-кыштак жериндеги көрктүү курулуштарды кароо катарында уюштурулган Бүткүл союздук конкурста биринчиликти ээлеп, ВДНХнын алтын медалына татыктуу болгон. Мындан сырткары Үч-Коргон айылдык Совети эки жолу Кыргыз ССР Министрлер Совети менен Кыргызсовпрофу уюштурган айыл-кыштак жана посё-

локтук Советтердин ортосундагы республикалык социалисттик мелдештерде да ийгиликке жетишти. 1978-жылы экинчи орунду ээлеп, 2000 сом акчалай сыйлык алган; 1979-жылы биринчиликти ээлеп, республиканын өтмө Кызыл туусу менен кошо 3000 сом акчалай сыйлык ыйгарылган. Мында жаңыдан өсүп-өнүгүп келаткан Үч-Коргон кыштагын көрктөндүрүүнүн маанилүү роль ойногону белгилүү. Андагы жаңыдан курулуп жаткан иреттүү кооз үйлөр, жаңыдан пайда болгон көрктүү көчөлөр кимдин да болсо купулуна толот.

Онунчу беш жылдыкта совхоз жалаң курулуш үчүн 2500 миң сом каражат жумшады. Ал эми өздүк турак жайларчы. Жумушчулар да өз каражаттарына турак үйлөрдү көп куруп жатышат. Мындай үйлөргө кийинки эле 2—3 жылда 170 үй-бүлө көчүп кирди.

Кызыл-Жар өрөөнүндө дың жерлерди өздөштүрүүдөн пайда болгон жаңы чарба — «Кызыл-Жар» совхозу уюшулгандан баштап аны башкарып келаткан Н. И. Мешковдун жогоруда белгиленген ийгиликтерге кошкон салымы чоң. Курулуштарга ал ийнесинен жибине чейин кийлигишип, жетекчи катары талап коюу менен, тийиштүү каражаттардын максаттуу жана сарамжалдуу жумшалышына такай контролдук кылат. Каражаттардын убагында жана толук өздөштүрүлүшүнө өзгөчө маани берет.

Н. И. Мешков Кыргыз ССР Жогорку Советине, көп жолу райондук, Ош областтык Советтерине депутат болгон. Айылдык Советтин да депутаты. Албетте, бул аны көп нерселерге милдеттендирет. Өз каражаттарына турак жай куруучуларга айылдык Совет менен бирдикте

тийиштүү жерлерди бөлүштүрүүгө, анда курулган жайлардын ирettүү, көрктүү болушуна камкордук көрөт. Турак жай куруучулардын курулуш материалдары менен камсыздануусуна көмөк көрсөтөт.

Бизде «Кыштак көркү — өз көркүң», «Маданияттуу жашоо ар бир үй-бүлөнүн милдети», «Үй ичин ким кандай күтөт?» деген темада кароолорду жана конкурстарды өткөрүү салтка айланган. Айылдык Совет жана анын депутаттары өткөргөн мындай иш чаралар кыштактын көркүн чыгарууда, анда жашагандардын маданиятын көтөрүүдө зор роль ойноп келе жатат. Ушундан улам кыштактар дайыма таза, үйлөр жасалгалуу, короолор ирettүү.

Үч-Коргон кыштагында элди маданий жактан тейлөө иштери жакшы жолго коюлган. Азыр кыштактагы Маданият двореци, профсоюздук бир, айылдык Советтеги жана мектептердеги 6 китепкана, окуу үйү, совхоздун бригадаларындагы талаа стандары, сүт-товар фермасындагы саанчыларды тейлөөчү клуб менен Лениндик бөлмөлөр — бүт эмгекчилердин кызматында. Кыштактагы китепканаларда 31 миңден ашык адабият фондусу бар. Алардан 7697 окурман пайдаланат. Маданият двореңинде жана жайкы кинотеатрда кинофильмдер күн сайын, үзгүлтүксүз көрсөтүлөт. Калкты бир киноустановка менен бир көчмө кино тейлейт. Маданият двореңинде уландар менен кыздардан турган өздүк көркөм чыгармачылык коллективи калктын кадырлоосуна ээ болгон. Жаштардын күчү менен пландуу түрдө эмгекчилерге оюн-зооктор көрсөтүлүп, концерт коюлат.

Өздүк көркөм чыгармачылык коллективи айылдык Советтин камкордугуна алынган.

Совхоздун кирешелеринин жылдан-жылга көбөйүшү элдин маданий, турмуш деңгээлин дэ жакшыртууга алып келди. Турмуш тиричилик жактан тейлөөнүн базасы улам кеңейип, калкка кызмат көрсөтүүнүн түрлөрү да көбөйүп бара жатат. Тейлөө комбинатында кийим, бут кийимдерди тигүүчү мастерскойлор жана кийимди химиялык жол менен тазалоочу, аларды реставрациялоочу жайлар, чачтарачканалар көбөйүүдө. Аларда өз ишин билген, бул багытта көп иштеп, бай тажрыйбага ээ болгон устаттар эмгектенишет. Улуттук саймалуу сандыктарды, үй курулушуна керектелүүчү эшик, айнек рамкаларын жасоочу устаканалар, ательелер, үй эмеректери менен электр буюмдары, радиоприёмниктерди, телевизорлорду жана бут кийимдерди ремонттоочу мастерскойлор да иштейт. Кыштактын эмгекчилерин турмуш тиричилик жактан тейлөөнүн абалын жакшыртууга, алардын тармагын кеңейтүү менен кызмат көрсөтүүнүн түрлөрүн барган сайын көбөйтүүгө айылдык Совет да, чарбанын администрациясы да өзгөчө көңүл бурууда.

Калкты тейлөөнүн маанилүү тармагын — медициналык жактан тейлөөнү ар тараптан жакшыртууга айрыкча маани берилүүдө. Биздин айылда 50 койкалуу оорукана жана 5 орунга эсептелген төрөт үйү бар. Аларда жогорку билимдүү 5 врач, орто звенодогу медициналык 18 кызматкер иштейт. Мал чарба фермаларда калкты медпункттар тейлейт, талаа стандарында аптечкалар коюлган. Врачтар менен орто звенодогу медиктер эл

арасында тез-тез болушуп, профилактикалык жумуштарды уюштурушат. Атайын темаларда лекция, докладдарды окушат. Зарыл учурда медициналык тез жардам көрсөтүшөт. Кыштактын адамдарын медициналык жактан тейлөөнү мындан ары да жакшыртуу үчүн олуттуу чаралар көрүлүп жатат. Ооруканаларда кошумча бөлүмдөр курулуп, койкалардын саны көбөйтүлүүдө. Алыскы кыштактарга медициналык пункттарды ачуу да белгиленген.

КПССтин XXVI съездинде: «Адамдар өздөрүнүн эмгек жана тиричилик шарттарын жакшыртуу жөнүндө ар дайым камкордукту сезишкен жерде жакшы, көңүлдөнүп эмгектене тургандыгы жалпыга түшүнүктүү. Завод, ферма — бул өз өмүрүнүн кеминде үчтөн бир бөлүгүн өткөрө турган анын бир үйү. Мында жумушчу орундан тартып, тиричилик бөлмөлөрүнө жана ашканаларына чейин бардыгы ыңгайлуу, жаңыча жасалгалуу болууга тийиш,» [1] —деп баса көрсөтүлгөн. Кыштакта эмгекчилердин күндөлүк талабын канааттандыруудагы негизги нерсе соода-сатык мекемелеринин тармагын кеңейтүү болуп эсептелет. Бизде соода-сатык тармагынын чоң борбору бар 14 сатуучу иштеген «Кызыл-Жар» универмагы жаңыдан ишке киришти. Мындан сырткары аралаш соода жүргүзүүчү комплекстүү 16 дүкөн, бир нече ларек, киосктор, 50 орундуу ашкана менен чайкана калктын кызматында. Соода кызматкерлерибиз эмгек-

[1] КПССтин XXVI съездинин материалдары, Фрунзе, 1981, 66-бет.

чилерди жогорку маданиятта тейлөө үчүн күч-аракеттерин жумшап жатышат.

Үч-Коргон кыштагында мектеп жана мектепке чейинки балдар мекемелеринин курулушу кеңири кулач жаюуда. Кыштактын борборунан орун алган А. С. Пушкин, К. Жакыпов атындагы жана Кызыл-Жар орто мектептеринин, борбордук жана бөлүмдөрдөгү балдар бакчаларынын жайлары кыштактын ажарын ачат. Бригадалардагы балдардын сезондук бакчалары да жаш балалуу энелерге көрүлгөн камкордуктардын бири. Ошентип, кыштактагы мектептерде 2200дөн ашык бала билим алып, келечекке умтулса, балдар бакчаларында кичинекей бөбөктөр куунак тарбиянын кучагында. Алар үчүн маданий бардык шарттар түзүлгөн. Балдар бакчасы үчүн сүт ашканалары иштейт. Тийиштүү азык-түлүктөр менен өз учурунда жабдылып турат. Ысык тамактар бүт бойдон борборлоштурулган ашканада даярдалып, бардык балдар бакчаларына жеткирилип берилет.

Балдарга терең жана бекем билим, мыкты тарбия берүүдө айылдык Советтин депутаттары А. Мундузбаев, Ж. Наркулов, Т. Ясеновалардын күндөлүк иштери башкаларга үлгү. Булар менен кошо орто мектептин директору К. Абдрахманов, окуу бөлүмүнүн башчысы К. Ибрагимов, элге билим берүү майданына өз өмүрүнүн теңинен көбүн жумшап, мугалимдик кесипте 15—20 жылдан ашык иштешкен Б. Каипов, К. Калматов, Л. Митрофанова жолдоштордун ысымдарын да сыймыктануу менен атоого болот. Алар өз билимдерин жана өндүрүштүк бай тажрыйбаларын келечектин татыктуу, бардык жактан гармониялуу

өсүп жетилген улан-кыздарын уядан учурууга арнап жана багыттап келе жатышат. Эл арасында саясий түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө алар айылдык Советтин ишенимдүү жардамчылары.

Он биринчи беш жылдыкта КПССтин XXVI съездинин чечимдерин ишке ашырууну такай жетекчиликке алуу менен, кыштакта жаңы курулуштардын тармагын дагы кеңири кулач жайдыруу белгиленген. Совхоздун экинчи бөлүмүндө балдар бакчасы курулуп жатат. Борбордук айылда балдар бакчасынын көп орундуу жана көп кабаттуу жаңы имараты ушул беш жылдыкта ишке киргизилет. Булардан башка аптеканын, фельдшердик-акушердик тейлөө пункттарынын имараттары, башка көп турак үйлөр курулат. Булар кыштактын калкын турмуш тиричилик жактан тейлөөнү мындан ары да жакшыртат. Биз мында жолдош Л. И. Брежневдин КПССтин XXVI съездинде: «Эл чарбасынын башка эч бир чөйрөсүндө болуп көрбөгөндөй жергиликтүү мүмкүнчүлүктөр, жергиликтүү резервдер калкты тейлөөдө, алардын күндөлүк суроо-талаптарын канааттандырууда зор роль ойнойт. Бардык деңгээлдердеги эл депутаттарынын Советтери тейлөө чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн, өнөр жай товарларын чыгарууну жана сатууну жакшыртуу үчүн ачык-айкын чараларды кабыл алууга тийиш»,[1]— деп айткан сөздөрүн жетекчиликке алып, аракеттенүүдөбүз.

---

[1] КПССтин XXVI съездинин материалдары, Фрунзе, 1981, 56-бет.

БИБЛИОТЕЧКА
ДЕПУТАТА

**Омурбек Баймурзаев**

**ДЕПУТАТЫ МЕСТНЫХ СОВЕТОВ**

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Редактору *Ж. Турдукожоев*
Көркөм редактору *Д. Лысогоров*
Тех. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *С. Абылгазиев*

ИБ № 2086

Терүүгө 21. 04. 1982-ж. берилди. Басууга 23. 07. 1982-ж. кол коюлду Д—08215. Басмаканалык № 3 кагаз Адабий арибн, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×90¹/₃₂. 0,75. физ. басма табак, 0,88. шарттуу басма табак, 0,808 учёттук табак. 1,026 боёк түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 936. Баасы 3 т,

«КЫРГЫЗСТАН» басмасы
720737. ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп
соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары. Мукаш Абдраев көчөсү 72.

3 т.